И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин ”Философия жана социалдык илимдер” кафедрасынын изденүүчүсү **Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын “ Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)”** аттуу 07.00.07 – этнография, этнология, антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасына
Д 07.21.628 Диссертациялык кецешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү т.и.д., Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору **Аниса Рифовна Бикбулатованын**

## КОРУТУНДУСУ

**1. 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Изденүүчү В.М. Куттубекова тарабынан 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн кандидаттык диссертациясы Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына жана мазмуунуна (07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигинин паспортуна) толугу менен туура келет.

**2. Диссертациялык теманын актуалдуулугу.**

Совет доору кыргыздардын заттык жана руханий маданиятын белгилүү деңгээлде озгоруүгө дуушар кылган өзүнчө бир тарыхый баскыч. Бул мезгилде болгон өзгөрүүлөрдү изилдөө, аларга илимий баа берүү мезгилдин талабы. Түндүк жана түндүк-батыш Кыргызстан этнографиялык жактан алып караганда, өзүнчө обочолонгон тарыхый- этнографиялык аймак, мына ушул аймакта жашаган кыргыз үй-бүлөорүнүн совет доорундагы тамак-аш системасы илимдеги актуалдуу темалардын бири.

бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына чарбанын, маданий, социалдык өзгөрүүлөрдүн, калыптанып калган полиэтникалык чөйрөнүн тийгизген таасири каралган. Ал жерде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш системасындагы өнүгүү, өзгөрүү көрүнүштөрү этнографиялык жана этносоциологиялык изилдөө методдорун колдонуу менен ишке ашкан.

Диссертациялык изилдөөдө кыргыздардын көчмөн малчылык чарбасынын таасири басымдуулук кылган совет доорундагы тамак-аш системасынын өзгөрүшү, трансформацияланышы, өнүгүшү изилдөөгө алынып, жыйынтыктары жана сунуштары теориялык жаңы тыянактардын пайда болушуна алып келген.

Жазылган диссертациянын дагы бир өзгөчөлүгү, окурмандарга классикалык этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтар комплекстүү чогуу камтылып, совет доору мезгилинде Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өзгөрүшүнө чарбалык, маданий, социалдык, демографиялык, урбанизациялык жүрүмдөрдүн жана калыптанып калган полиэтникалык чөйрөнүн тийгизген таасирлери тастыкталган.

**3. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары.**

Диссертациялык изилдөөдө кыргыздардын көчмөн малчылык чарбасынын таасири басымдуулук кылган совет доорундагы тамак-аш маданиятынын өзгөрүшү, өнүгүшү изилдөөгө алынып, жыйынтыктары жана сунуштары теориялык жаңы тыянактардын пайда болушуна алып келген.

Диссертациялык иштин киришүү бөлүгүндө илимий иштин актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, изилдөөнүн мезгилдик, географиялык алкагы, илимий программалар менен байланышы, иштин жаңычылдыгы, теориялык жана практикалык мааниси, изденүүчүнүн кошкон жеке салымы, изилдөөнүн методологиялык негиздери менен тажрыйбалык мааниси, коргоого сунушталуучу жоболор, изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы, диссертациялык иштин структурасы менен көлөмү көрсөтүлгөн.

Каралып жаткан диссертациялык иште төмөндөгүдөй этнографиялык, этносоциологиялык, маданият таануучулук, кулинардык жана тарыхнаамалык илимий практикалык жыйынтыктар чыгарылган.

1. 1918-1940-жылдары изилденген аймактарда кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятында мурунтадан бери сакталып келе жаткан салттуу тамактардын түрлөрү, алардын аймактык өзгөчөлүктөрү, мезгилдик белгилери толугу менен сакталып, өзүлөрүнө кошуна жайгашкан же чогуу

бир кыштакта жашаган башка уруулук же улуттук бирикмелердин тамак-ашынын же азык заттарынын таасири өтө төмөнкү деңгээлде байкалган.

2. Изилденген кыштактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө карата мамилеси Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки он беш жылдын ичинде байкалган. Мындан сырткары ички этностук биригүү (*этноконсолидациялык*) жүрүмдөрүнүн негизинде тамак-аштын аймактык өзгөчөлүктөрү жоюлуу мезгилине туура келип, кыштак жерлеринде жашаган кыргыз атуулдарынын казак, татар, башкыр жана башка улуттардын өкүлдөрү менен чарбалык, маданий байланыштары түзүлө баштаган. Изилденген аймактарда советтик атуулдук сезимдин жогорулашына, башка кошуна жашаган элдер менен түрдүү багыттагы (анын ичинде тамак-ашындагы) байланыштардын бекемделишине ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

3. Өткөн кылымдын50-60-жылдары Чүй жана Талас аймактарынын кыштак жерлеринде жашашкан кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүндө тамак ичүүнүн мезгилдик мүнөзү, тамак ичүүдөгү социалдык мааниге ээ болгон айырмачылыктар жоюлуу баскычына түшкөн (20-30-жылдардагы оокаттуу бай адамдар күнүмдүк тамак-ашында колдонушкан тамактар кыштак дыйкандарынын басымдуу бөлүгүнө тиешелүү боло баштаган).

4. Кыштактарда мамлекеттик азык-түлүк дүкөндөрүнүн ачылышы жана анда сатылган азык заттардын кыргыз эмгекчилерине сатылышы, тамак-аш маданиятында колдонулган азык заттарынын түрлөрүнүн кеңейишине ыңгайлуу шарттарды түзгөн жана изилденген кыштактарда жашаган кыргыздардын арасында “шаардык маданияттын” элементтери тарай баштаган. Мындан сырткары курамына түрдүү улуттардын, элдердин жана элдик бирикмелердин мүчөлөрү кирген айыл чарба ишканаларында маданий, соода, аң-сезимдик жана башка багыттагы жакындашуулары башталган. Мындай жүрүмдөр Чүй жана Талас аймактарынын кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына түздөн-түз оң багыттагы таасирлерин тийгизген.

5. Чүйлүк жана таластык кыргыздардын тамак-аш маданиятынын 1960-1991-жылдардагы өнүгүүсүндө эт жана камыр азыктары кошулган кээ бир ысык тамактарды (шалдама гүлчөтай, челпек гүлчөтай – Талас аймагында; кесме, гүлчө, жаркөп – Чүй аймагында) жасоодо аймактык айырмачылыктар сакталган. Салттуу тамактар менен катар жаңы чарбалык багыттар (жемиш өстүрүүчүлүк, багбанчылык, балыкчылык, балчылык) кененирээк тараган.

6. Изилденген обьектилерде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамактануу үлгүсү (*модели*) даректүү этнографиялык маалыматтардын

негизинде далилденип, “модель” деген түшүнүккө этнографиялык көз караштa аныктама берилген. XX кылымдын биринчи жарымында Чүй аймагынын тоолуу кыштактарындажашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятында *эт-сүт-дан*, бөксө тоолуу кыштактарында - *сүт-эт-дан*, түздүктүү аймактарында - *дан-сүт-эт* үлгүлөрү басымдуулук кылса, Талас өрөөнүнүн тоолуу кыштактарында *эт-сүт-дан*, боксө тоолуу жерлеринде - *сүт-эт-дан*, түздүктүү аймактарында - *дан-сүт-эт* үлгүлөрү негизги орунду ээлегендиги тастыкталган. Ал эми 1960-1990-жылдарда Чүй аймагында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш үлгүсүндө *жашылча-дан-эт* багытындагы азыктар, ал эми Талас өрөөнүндө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүндө *дан-эт-жашылча* багытындагы азыктар үстөмдүк кылган.

7.Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн күнүмдүк тамак ичүүсү (*трапезасы*) жана анын түрлөрү - үй-бүлөнүн мүчөлөрү катышкан күнүмдүк үч маал тамак ичүү - эртең мененки тамак ичүү, түшкү тамак ичүү жана кечки тамак ичүү каралып, алардын изилденген өрөөндөр боюнча салыштырма түрлөрү аныкталган. Эртең мененки тамак ичүүнүн негизги компонентин сүт, айран жана ар түрдүү каймактар, түшкү тамагында түрдүү дан азыктарынан жасалган ботко, көжөлөр, кечки тамагында эт азыктары кошулган ысык оокаттар түзгөндүгү далилденген.

8. Изилдөөдө Чүй жана Талас аймактарынын тоолуу, бөксө тоолуу жана түздүктүү кыштактарында совет мезгилинде коомдук тамак ичүү жүрүмдөрүнүн жалпылыктарын, аймактык айырмачылыктарын, түзүлүшүнүн структуралык өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө аракеттер жасалып, коомдук тамак ичүү жөрөлгөлөрү – майрамдык тамак ичүү (*жаңы жылды тосуу, советтик армиянын, аялдардын 8-март, эл аралык тилектештиктин 1-май, советтик армиянын Улуу Ата мекендик согуштагы жана Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиш күндөрүн белгилөө*), адам баласынын турмушунда кезигүүчү салтанаттуу тойлордо ичүүлчү тамак-аш (*жентек той, бешик той, тушоо кесүү, сүннөт той, үйлөнүү той, үй той, дипломду куттуктоо той*), адамдын өмүрүнө байланышкан ритуалдык үрп-адаттарда, “жаманчылыктарда” ичүүлчү тамак-аш (*адам каза болгондо өткөрүлчүкара аш азыктары, үчүлүк, жетилик, кырк ашын, жылдык ашын өткөрүүдөгү тамак-аш*), үй-бүлөлүк ырымдарда ичүлчү тамак-аш (*орто мектепти, атайын орто же жогорку окуу жайын аяктоо, он сегиз жашка чыгуу же атуул катары паспорт алуу, армияга узатуу*), салттуу ритуалдык үрп-адаттарды өткөрүүдө ичүүлчү тамак-аш (*бешик той, жентек той, тушоо кесүү, сүннөт той*), расмий (*юбилейлик*) маарекелерди (*25 жаштык той, 50 жаштык той, 60 жаштык той, 25 жылдык үйлөнүү тою, 50 жылдык үйлөнүү тою*), жашоо-турмушка

байланышкан түлөөлөрдү (*армияга узатуу жана армиядан кайтып келүү түлөөсү, катуу оорудан сакайып чыгуу түлөөсү, кырсыктан аман калган учурларда өткөрүлүүчү түлөө, жаз чыкканда түшүмдүн молдугун тилеп өткөрүлүүчү түлөө, жаратылыш кырсыктарынан аман-эсен чыккандыгына байланыштуу түлөө*), коомдук-чарбалык иш чараларды турмушка ашырууда (*жаз мезгилинде сакманга байланышкан иштерди турмушка ашырууда, дыйканчылыкка байланышкан дан эгиндерин, жашылчыларды жана башка өсүмдүктөрдү өстүрүүдөгү жана түшүмдөрүн жыйноодогу талаа станында ичилген коомдук тамактар*), өкмөт тарабынан расмий (*официалдуу*) түрдө белгиленген балыктан (*балык күнү*) жасалган тамактарга бөлүнгөндүгү даректүү этнографиялык маалыматтар менен тастыкталган.

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

Совет мезгилинде Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз уруулук бирикмелеринин көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгынан отурукташкан айылдарга өтүүсү, алардын арасында сугат дыйканчылыгынын, жашылча, жемиш өстүрүүчүлүктүн, балыкчылыктын, багбанчылыктын тарашы даректүү материалдар менен далилденген.

Кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына чогуу бир кыштакта же кошуна жайгашкан кыштактарда жашаган дини бир, тили бир үй-бүлөгө кирген казактардын, татарлардын, башкырлардын, уйгурлардын жана орус, украин, немец калктарынын тийгизген таасирлерин этнографиялык жана этносоциологиялык далилдүү материалдар менен бышыкталган. Шаарларда жашаган кыргыз калкынын жана шаарлардагы тамак даярдоочу ишканалардын кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына тийгизген таасири даректүү этнографиялык баяндамалар менен жеткиликтүү денгээлде ачылган.

**5. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө, иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

В.М. Куттубекованын диссертациясы Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-ашына арналып, анын жыйынтыктары жана сунуштары кеңеш мезгилиндеги тамак-аш маданиятынын өзгөрүшү, өнүгүшү илимий багытта жаңы ой-пикирлердин, идеялардын пайда болушуна түрткү берип, этнографиялык жана этносоциологиялык комплекстүү фундаменталдык

изилдөөнүн пайда болушуна даректүү булак катары кызмат кылат. Эмпирикалык жана этносоциологиялык материалдарга, баяндамаларга талдоо жүргүзүлүп, ынанымдуу жыйынтыктар чыгарылган. Улуттук этнографияда жана этносоциологияда мурун чагылдырылбаган тамак-аш маданиятына байланышкан маалыматтар жана түшүнүктөр илимий айлампага киргизилген.

**6. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациялык эмгекте чагылдырылган баяндамалар жана анын жыйынтыктары илимий ишканалардын изилдөөчүлөрү, аспиранттары, сынoo стажын өтүүчү илимий кызматкерлери этнография, этносоциология жана маданият таануу тармактарындагы изилдөөлөрүндө, мектептер менен жогорку окуу жайларында кыргыз тамак-аш маданияты менен байланышкан атайы курстарды окутууда жана окуу-методикалык усулдарды, лекцияларды даярдоо иштеринде пайдаланса болот.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын максаты жана милдеттерине авторефераттын тексттинде чагылдырылган материалдар толугу менен жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бири-бирине мазмундук жагынан окшош (идентивдүү) резюмелер менен жабдылган.

**8. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Илимий изилдөөдө кетирилген кээ бир кемчиликтерди жоюу үчүн айрым сунуштарым төмөндөгүдөй:

1. Сунушталган эмгектеэтносоциологиялык метод колдонулган, бирок аны жүргүзүүдө изилдөөчү обьектилерди тандоо (*выборка*) ыкмасынын кандай жол менен жүргүзүлгөндүгү жеткиликтүү аныкталган эмес.

2. Илимий иштин “Маданий жана калк (этнос) аралык жүрүмдордүн (*процесстердин*) кыргыз үй-бүлөсүнүн тамак-аш маданиятына тийгизген таасири” аттуу параграфында башка этностордун таасири жөнүндө көп айтылган, бирок аларга далил азыраак келтирилген. Колдонулган анкетада бул теманы ачып берүү үчүн аз гана суроо камтылган. Бул маселени кененирээк чагылдырыш үчүн, тандалып алынган аймактардын калкынын этникалык курамын Кыргыз Республикасынын Статистикалык комитетинин материалдарын колдонуу менен ачык көрсөтсө болмок. Ошондой эле

сурамжылоо үчүн түзүлгөн анкетада өзүнчө бир блок суроолор киргизилсе туура болмок.

3. Диссертациянынтекстиндекээбиртехникалыккемчиликтерге жол берилген.

Жогоруда белгилегендерди эске алып, **Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын “Түндүк жана түндүк-батыш Кыргызстанда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш системасы (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)”** аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын, корутундудагы белгиленген кемчиликтерди жоюу, сын пикир, сунуштарды жана каалоолорду эске алуу шарты менен Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 07.21. 628 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кыламын.

**9. Жетектөөчү мекеме, оппоненттер боюнча сунуштар:**

Жетектөөчү мекеме катары Борбордук Азиядагы Америкалык университетинин Антропология, технология жана эл аралык өнүгүү программасын сунуштайм, ал жерде квалификациясы боюнча бул ишке туура келген адистердин саны жетиштүү деп эсептейм.
Иште этносоциологиялык материалдар кеңири колдонулгандыктан Биринчи оппонентикке т.и.д. профессор А.Р. Жоошбекованы, экинчи оппоненттикке т.и.к. С.Н. Эралиевди сунуштайм.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
**Тарых илиминин доктору,**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору** **А.Р. Бикбулатова**

А.Р. Бикбулатованын колун тастыктаймын
Бөлүм башчысы

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Вх. 04-8/34
Уч. секр. ДС. 07.21.628

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин ”Философия жана социалдык илимдер” кафедрасынын изденүүчүсү **Венера Мамбеталиевна Куттубекованын** 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча **“Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)”** деген темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасына Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин эксперттик

комиссиясынын мүчөсү, т.и.д. А.Р. Джоошбекованын

## КОРУТУНДУСУ

**1. 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Диссертант В.М.Куттубекованын 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясынын кол жазмасы Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин кандидаты, доктору окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына жана 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигинин паспортуна туура келет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Чүй жана Талас облустарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде диссертациялык деңгээлде комплекстүү изилдөөгө алынган эмес. В.М. Куттубекованын диссертациясында совет мезгилинде Кыргызстандын түндүк (Чүй өрөөнү) жана түндүк-батыш (Талас өрөөнү) аймактарында кыргыз үй-бүлөлөрүнүн арасында жүргүзүлгөн чарбалык, маданий, социалдык өзгөрүүлөрдүн жана кыргыз элине тиешелүү бириктирүү багытында жүргүзүлгөн жүрүмдөрүнүн, Кыргызстанда жашаган улуттардын, элдердин бири-бирине таасири астында кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өзгөрүшү этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде талданган.

**3. Илимий жыйынтыктар.** Каралып жаткан диссертациялык иште бир нече жаңы этнографиялык, этносоциологиялык илимий жыйынтыктар чыгарылган.

1. Изилденген аймактарда кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятында мурунтан бери сакталып келе жаткан салттуу тамактардын түрлөрү, алардын аймактык өзгөчөлүктөрү, мезгилдик белгилери толугу менен сакталып, кошуна жайгашкан же чогуу бир айылда жашаган башка этностордун тамак-ашынын таасири аз байкалган (1918-1941-жж.).

2. Изилденген кыштактардагы кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өзгөрүүсү Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки он беш жылдын ичинде байкалган. Мындан сырткары ички этностук биригүү жүрүмдөрүнүн негизинде тамак-аштын аймактык өзгөчөлүктөрү жоюлуу мезгилине туура келип, айылдык кыргыз атуулдарынын казак, татар, башкыр жана башка улуттардын өкүлдөрү менен чарбалык, маданий байланыштары түзүлө баштаган. Бул аймактарда советтик идеологиянын таасири

астында советтик атуулдук сезимдин жогорулашына, башка кошуна жашаган элдер менен түрдүү багыттагы (анын ичинде тамак-ашындагы) байланыштардын бекемделишине жагымдуу шарттар түзүлгөн.

3. XX кылымдын 50-60-жылдарынын арасында Чүй жана Талас аймактарынын элетте жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүндө тамак ичүүнүн мезгилдик мүнөзү, тамак ичүүдөгү социалдык мааниге ээ болгон айырмачылыктар жоюлуу баскычына түшкөн (совет мезгилинин 20-30-жылдарында оокаттуу бай адамдар күнүмдүк тамак-ашында колдонгон тамактарга дыйкандардын көпчүлүк үй-бүлөлөрү да жетише баштаган).

4. Курамына түрдүү улуттардын, элдердин жана элдик бирикмелердин мүчөлөрү кирген айыл чарба ишканаларында маданий, соода, аң-сезимдик жана башка багыттагы жакындашуулары башталган. Мындай жүрүмдөр Чүй жана Талас аймактарынын айыл жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына түздөн-түз оң багыттагы таасирлерин тийгизген. Айылдарда, мамлекеттик азык-түлүк дүкөндөрүнүн ачылышы жана анда сатылган азык заттардын кыргыз эмгекчилерине сатылышы, тамак-аш системасында колдонулган азык заттарынын түрлөрүнүн көбөйүшүнө шарттарды түзгөн жана изилденген кыштактарда жашаган кыргыздардын арасында "шаар маданиятынын" элементтери тарай баштаган.

5. 1960-1991-жылдардагы чүйлүк жана таластык кыргыздардын тамак-аш маданиятынын өнүгүүсүндө эт жана камыр азыктары кошулган кээ бир ысык тамактарды жасоодо аймактык айырмачылыктар сакталган. Салттуу тамактар менен катар жаңы чарбалык багыттар (жемиш өстүрүүчүлүк, багбанчылык, балыкчылык, балчылык) тарай баштаган.

6. Коомдук тамак ичүүнүн түрлөрү Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн изилденген бийик тоолуу, бөксө тоолуу жана түздүктүү кыштактарында өткөрүлсө да, салтанатка же жаманчылыкка байланышкан коомдук тамак ичүүдө бири-бирине окшоштук белгилер басымдуулук кылган. Бирок келген конокторго (меймандарга) тамак азыктарын, даяр тамактарды берүүдө айырмачылыктар байкалган.

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

Совет мезгилинде Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз уруулук бирикмелеринин көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгынан отурукташкан кыштактарга өтүүсү, алардын арасында сугат дыйканчылыгынын, жашылча, жемиш өстүрүүчүлүктүн, балыкчылыктын, багбанчылыктын тарашы даректүү материалдар менен тастыкталган.

Кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына чогуу бир кыштакта же кошуна жайгашкан кыштактарда казактардын, татарлардын, башкырлардын, уйгурлардын жана орус, украин, немец этносторунун тийгизген таасирлерин этнографиялык жана башка илимий этносоциологиялык материалдар менен бышыктаган. Шаарларда жашаган кыргыз калкынын жана шаарлардагы тамак даярдоочу ишканалардын айылдык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына тийгизген тассирлерин даректүү этнографиялык баяндамалар менен жеткиликтүү денгээлде ачып бере алган.

**5. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө, иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

В.М. Куттубекованын диссертациясы Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн кыштактарындагы кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-ашын изилдеп, анын жыйынтыктары жана сунуштары социализм мезгилиндеги тамак-аш маданиятынын өзгөрүшү, өнүгүшү илимий багытта жаңы ой-пикирлердин, идеялардын пайда болушуна түрткү берип, этнографиялык жана этносоциологиялык комплекстүү фундаменталдык изилдөөнүн пайда болушуна даректүү булак катары кызмат кылат. Эмпирикалык жана этносоциологиялык материалдарга, баяндамаларга талдоо жүрүзүлүп, ынанымдуу жыйынтыктар чыгарылган. Улуттук этнографияда жана этносоциологияда мурун чагылдырылбаган тамак-аш мадниятына байланышкан маалыматтар жана түшүнүктөр илимий айлампага киргизилген.

**6. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациялык эмгектин жыйынтыктары илимий ишканалардын изилдөөчүлөрү, аспиранттарынын изилдөөлөрүндө, орто, атайын орто жана жогорку окуу жайларында кыргыз тамак-аш маданияты менен байланышкан атайын курстарды окутууда жана окуу-методикалык усулдарды, лекцияларды даярдоо иштеринде пайдаланса болот.

**7. Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын мазмунуна жана авторефераттын тексттине практикалык сунуштар киргизилген. Ошондуктан авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмунуна толук туура келет. Авторефераттын аягына 3 тилде резюмелер берилген.

**8. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Илимий иштин жакшы жактары менен бирге кээ бир эске алынбай калган, көңүл бура турган жерлери бар. Алардын катарына төмөдөгүлөр кирет:

1. Илимий иштин мазмунунда мааниси жагынан окшош кайталоолор орун алган;

2. Диссертациялык ишке редакциялык толуктоолор киргизилсе да, кээ бир пунктуациялык, стилистикалык каталарды кыргыз тилинин жалпы кабыл алынган эрежелеринин алкагында оңдоо керек.

3. Диссертациялык иштин жыйынтыктарын талапка ылайык жакшылап толуктаса болмок.

Жогоруда белгилегендерди эске алып, В.М.Куттубекованын **“Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)”** деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын, корутундудагы белгиленген кемчиликтерди жоюу, сын пикир, сунуштарды эске алуу шарты менен Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинде коргоого кабыл алууну сунуштайбыз.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү, т.и.д.,**
**профессордун м.а.:** **Джоошбекова А.Р.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

Вх. 04-8/36 Д 07.21.628
уч. секр.

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин "Философия жана социалдык илимдер" кафедрасынын изденүүчүсү **Венера Мамбеталиевна Куттубекованын** 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча **"Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)"** деген темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасына Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү т.и.д. профессор О.К.Каратаевдин

## КОРУТУНДУСУ

**1. 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Изденүүчү В.М.Куттубекова тарабынан 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн кандидаттык диссертациясы Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына жана жазылган диссертациянын мазмууну 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигинин паспортуна туура келет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы мезгилге чейин Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-аш маданияты этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде диссертациялык деңгээлде комплекстүү изилдөөнүн болбогондугу менен байланыштуу. Сунушталган илимий иште совет мезгилинде Кыргызстандын Чүй жана Талас өрөөндөрүндө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө чарбалык, маданий, социалдык өзгөрүүлөрдүн жана кыргыз элине тиешелүү бириктирүү багытында жүргүзүлгөн (*этноконсолидация*) жүрүмдөрүнүн, Кыргызстанда жашаган улуттардын, элдердин жакындашууларынын (*межэтническая интеграциянын*) таасири астында кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшү, өзгөрүшү этнографиялык жана этносоциологиялык көз караште илимий талдоого алынган. Кыргыз

этнографиясында жана этносоциологиясында мындай багытта жүргүзүлгөн алгачкы илимий изилдөө иши болуп саналат.

**3. Илимий жыйынтыктар.** Каралып жаткан диссертациялык иште бир нече жаңы этнографиялык, этносоциологиялык, маданият таануучулук, кулинардык жана тарыхнаамалык илимий практикалык жыйынтыктар чыгарылган. Алардын курамына төмөндөгүлөр кирет:

1. 1918-1940-жылдары изилденген аймактарда кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятында мурунтадан бери сакталып келе жаткан салттуу тамактардын түрлөрү, алардын аймактык өзгөчөлүктөрү, мезгилдик белгилери толугу менен сакталып, өзүлөрүнө кошуна жайгашкан же чогуу бир кыштакта жашаган башка уруулук же улуттук бирикмелердин тамак-ашынын же азык заттарынын таасири өтө төмөнкү деңгээлде байкалган.

2. Изилденген кыштактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө карата мамилеси Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки он беш жылдын ичинде байкалган. Мындан сырткары ички этностук биригүү жүрүмдөрүнүн негизинде тамак-аштын аймактык өзгөчөлүктөрү жоюлуу мезгилине туура келип, айылдык кыргыз атуулдарынын казак, татар, башкыр жана башка улуттардын өкүлдөрү менен чарбалык, маданий байланыштары түзүлө баштаган. Изилденген аймактарда советтик атуулдук сезимдин жогорулашына, башка кошуна жашаган элдер менен түрдүү багыттагы (анын ичинде тамак-ашындагы) байланыштардын бекемделишине ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

3. XX кылымдын 50-60-жылдарынын арасында Чүй жана Талас аймактарынын кыштактарында жашашкан кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүндө тамак ичүүнүн мезгилдик мүнөзү жана тамак ичүүдөгү социалдык мааниге ээ болгон айырмачылыктар жоюлуу баскычына түшкөн (20-30-жылдардагы оокаттуу бай адамдар күнүмдүк тамак-ашында колдонушкан тамактар айылдык дыйкандардын басымдуу бөлүгүнө тиешелүү боло баштаган).

4. Туруктуу кыштактарда мамлекеттик азык-түлүк дүкөндөрүнүн ачылышы жана анда сатылган азык заттардын кыргыз эмгекчилерине сатылышы, тамак-аш маданиятында колдонулган азык заттарынын түрлөрүнүн кеңейишине ынгайлуу шарттарды түзгөн жана изилденген кыштактарда жашаган кыргыздардын арасында “шаардык маданияттын” элементтери тарай баштаган. Мындан сырткары курамына түрдүү улуттардын, элдердин жана элдик бирикмелердин мүчөлөрү кирген айыл чарба ишканаларында маданий, соода, аң-сезимдик жана башка багыттагы жакындашуулары башталган. Мындай жүрүмдөр Чүй жана Талас

аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына түздөн-түз оң багыттагы таасирлерин тийгизген.

5. Чүйлүк жана таластык кыргыздардын тамак-аш маданиятынын 1960-1991-жылдардагы өнүгүүсүндө эт жана камыр азыктары кошулган кээ бир ысык тамактарды (шалдама гүлчөтай, челпек гүлчөтай – Талас аймагында; кесме, гүлчө, жаркөп – Чүй аймагында) жасоодо аймактык айырмачылыктар сакталган. Салттуу тамактар менен катар жаңы чарбалык багыттар (жемиш өстүрүүчүлүк, багбанчылык, балыкчылык, балчылык), кененирээк тараган.

6. Чүй жана Талас аймактарында үй-бүлөлүк күнүмдүк тамак ичүү (*трапеза*) жана анын түрлөрү каралып, алардын изилденген өрөөндөр боюнча салыштырма түрлөрү аныкталган. Эртең мененки тамак ичүүнүн негизги компонентин сүт, айран жана ар түрдүү каймактар, түшкү тамагында түрдүү дан азыктарынан жасалган ботко, көжөлөр, кечки тамагында эт азыктары кошулган ысык оокаттар түзгөндүгү далилденген.

7. Коомдук тамак ичүүнүн түрлөрү Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн изилденген бийик тоолуу, бөксө тоолуу жана түздүктүү кыштактарында өткөрүлсө да, салтанатка же жаманчылыкка байланышкан коомдук тамак ичүүдө бири-бирине окшош түзүлүштүк белгилер басымдуулук кылган. Бирок бирдей түзүлүштөгү коомдук тамак ичүүдө изилденген кыштактарда келген конокторго (меймандарга) тамак азыктарын, даяр тамактарды берүүдө айырмачылыктар байкалган.

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

Совет мезгилинде Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз уруулук бирикмелеринин көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгынан отурукташкан кыштактарга өтүүсү, алардын арасында сугат дыйканчылыгынын, жашылча, жемиш өстүрүүчүлүктүн, балыкчылыктын, багбанчылыктын таралышы даректүү материалдар менен тастыкталган.

Ар бир изилденген этнографиялык объектин курамына кирген түрдүү кыргыз урууларынын ортосундагы ички консолидациялык биригүүнүн негизинде тамак-аштагы уруулук өзгөчөлүктөр жоюлуп, жалпы кыргыз элине тиешелүү тамак-аш маданиятынын калыптангандыгы даректүү баяндамалар менен талдоого алынган.

Кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына чогуу бир кыштакта же кошуна жайгашкан кыштактарда жашаган дини бир, тили бир үй-бүлөгө кирген казактардын, татарлардын, башкырлардын, уйгурлардын жана орус, украин, немец калктарынын тийгизген таасирлерин этнографиялык жана этносоциологиялык далилдүү материалдар менен бышыктаган. Шаарларда жашаган кыргыз калкынын жана шаарлардагы тамак даярдоочу

ишканалардын кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына тийгизген тассирлерин даректүү этнографиялык баяндамалар менен жеткиликтүү денгээлде ачып бере алган.

**5. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө, иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

В.М.Куттубекованын диссертациясы Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-ашына арналып, анын жыйынтыктары жана сунуштары социализм мезгилиндеги тамак-аш маданиятынын өзгөрүшү, өнүгүшү илимий багытта жаңы ой-пикирлердин, идеялардын пайда болушуна түрткү берип, этнографиялык жана этносоциологиялык комплекстүү фундаменталдык изилдөөнүн пайда болушуна даректүү булак катары кызмат кылат. Эмпирикалык жана этносоциологиялык материалдарга, баяндамаларга талдоо жүрүзүлүп, ынанымдуу жыйынтыктар чыгарылган. Улуттук этнографияда жана этносоциологияда мурун чагылдырылбаган тамак-аш маданиятына байланышкан маалыматтар жана түшүнүктөр илимий айлампага киргизилген.

**6. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.** Диссертациялык эмгекте чагылдырылган баяндамалар жана анын жыйынтыктары илимий ишканалардын изилдөөчүлөрү, аспиранттары, сыноо стажын өтүүчү илимий кызматкерлери этнография, этносоциология жана маданият таануу тармактарындагы изилдөөлөрүндө, мектептер менен жогорку окуу жайларында кыргыз тамак-аш маданияты менен байланышкан атайы курстарды окутууда жана окуу-методикалык усулдарды, лекцияларды даярдоо иштеринде пайдаланса болот.

**7. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын максаты жана милдеттерине авторефераттын текстинде чагылдырылган материалдар толук жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бири-бирине мазмуундук жагынан окшош (идентивдүү) резюмелер менен жабдылган.

**8. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Өксүктөрдү жоюу үчүн айрым сунуштарым төмөнкүдөй:

1. Илимий ишти жазууда «Тамак-аш терминдеринин сөздүгүндө башка элдердин сөзүнөн алынган терминдерди кошкондо диссертациянын мазмууну дагы кеңеймек».

2. Илимий иштин мазмуунунда кайталанган фрагменттер кезигет.

Жогоруда белгилегендерди эске алып, В.М. Куттубекованын **“Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде”** деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын, корутундудагы белгиленген кемчиликтерди жоюу, сын пикир, сунуштарды жана каалоолорду эске алуу шарты менен Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 07.21. 628 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кыламын.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**тарых илимдеринин доктору, профессор** **О.К.Каратаев**

О.К. Каратаевдин колун тастыктаймын
Бөлүм башчысы Шатманова А.А.

КАДРЛАР БӨЛҮМУ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Вх. 04-8/35
уч. секр ДС 07.21.628